**Сокулук району**

**НУРЛАН РАХМАНОВ АТЫНДАГЫ   ОРТО МЕКТЕБИ**

# ТАРБИЯЛЫК СААТ

## Тема:  Өрт коопсуздугунун  эрежелери.





**Сабактын максаты:**

-Өрттүн келип чыгуу себептерин жана аны алдын алуу жөнүндө маалыматтарды алышат;

-Өрт коопсуздугун алдын алууну жана өрт чыккан учурда эмне кылуу керектигин үйрөнүшөт .


-Ар кандай учурларда коопсуздук эрежелерин так сактоого жана аткарууга, бири-бирин сыйлоого жана топтордо бирдиктүү иштөөгө тарбияланышат.

# Өрт коопсуздугунун эрежелери





**Өрт кырсыгы – бул материалдык баалуулуктардын өрттөнүп жок болушу жана адам баласынын өмүрүнө коркунуч менен коштолгон, көзөмөлгө алынбаган өрттөнүп-күйүү процесси.**



# Өрт эмнеден келип чыгат?




- Өрттүн чыгышы адам баласынын өмүрүнө коркунуч келтирип, олуттуу чыгымдарга алып келет. Өрттүн чыгышына жана анын алоолонуп тутанып кетишине түрткү берген шарттардан болуп, төмөнкүлөр болуп саналат:
- \- күйүүчү материалдардын болушу;
- \- күйүп жаткан оттун күч алышына шарт түзгөн зарыл сандагы кислороддун болушу;
- \- учкундан жалындын тутанышы.

# Табигый өрттүн түрлөрү:

- Жерден чыккан өрт – бул, токойлуу жерлерден чыккан өрт, мында токой ичинде өскөн баардык чөптөр, бадалдар, дарактардын тамырлары өрт кучагында калат.
- Жогоруда чыккан өрт – бул, токой массивдеринде чыккан өрт. Мында өрт жалыны дарактардын бутактарына жайылат, өзгөчө мында жалбырактуу бак-дарактар жабыр тартат.
- Жер астындагы өрт – мында, токойдогу өсүмдүктөрдүн тамырларынын күйүшү жүрөт.

- Негизи өрт кырсыгынын 2 түрү болот, биринчиси, жеке имараттар,үйлөрдө чыккан кырсык болсо,экинчиси, жаратылышта чыккан өрт кырсыктары болуп саналат. Имараттарда өрт кокустан чыгып кетсе, жаратылыш кучагында болгон өрттөр көпчүлүк учурда гана кургакчылыктын кесепетинен, күндүн ысыгынан өрттөнүп кетиши мүмкүн. Ошондуктан жаратылышка эс алуу үчүн барышкан адамдар өрт коопсуздугунун эрежелеринин сактоосу керек.
- Айта кетсек, электр жабдууларынан келип чыккан өрт 28%ды түзсө,ал эми балдардын от менен ойноосунан келип чыккан өрттүн саны 9%ды түзүп, эң эле өрт кырсыгы 47,8% турак-жайларда катталган.

# КӨПЧҮЛҮК УЧУРДА ӨРТ КЫРСЫГЫ ТУРАК-ЖАЙ ШАРТЫНДА ЧЫГАТ.

Мында, анын келип чыгуу себептеринен болуп төмөнкүлөр саналат:

- - коммуникациянын талаптагыдай жөнгө салынбашы;
- - электр өткөргүчтөрүнүн бузук абалда болушу;
- - атайы каралган жайлардан тышкары жерлерде тамеки чегүү;
- - электр өткөргүчтөрүн кароосуз калтыруу же тиричилик техникаларын туура эмес пайдалануу;
- - отту жана химиялык заттарды этиятсыз пайдалануу.

- Ар бир ишкананын өлчөмүнө карабастан, өрт өчүрүү жабдуулары, эвакуация планы, өрт сигнализациясы болушу керек. Өрт нормаларын жана коопсуздугун сактоо үчүн ишкананын башкаруучусу жооптуу.






Өрттүн чыгуусун билдирүүчү белги
Автоматташтырылган өрткө каршы системалар
ВЫХОД
ПЛАН ЭВАКУАЦИИ
Аба менен камсыздоочу система
Өрткө каршы ички суу өткөргүч түтүкчө
Өрткө каршы кошумча эшик
Эвакуция планы

- Ишканада орт коопсуздугун камсыз кылуу учун бир нече өзгөчүлүктөргө таянуу зарыл. Эң биринчиден, ишкана орт коркунучунун кайсы классына кирет. Бардык имараттар 5 категорияга бөлүнөт:
- «А» — жогору жарылуу-өртөнүү коркунучу;
- «Б» — жарылуу-өртөнүү коркунучу;
- «В» — өртөнүү коркунучу;
- «Г» — орточо өртөнүү коркунчу;
- «Д» — төмөн өртөнүү коркунучу

- Ал эми өрттү болтурбоонун эн маанилуу аспекти-ишке алардын астында ар бир кызматкерге өрт коопсуздугу жонундо билип-үйрөнүү маалыматы берилиши керек. Бул маалымат бир жолу гана берилбестен, кайра-кайра кайталанып,пландан тышкары жана максаттуу инструктаждар өтүлүп туруусу зарыл.



# Өрт убагында өзүн алып жүрүү эрежелери

- Ошол замат өрт өчүрүү  кызматына (101) чалуу
- Эгер өрттү өз алдынча өчүрүү мүмкүнсүз болсо, терезелерди жабып, бөлмөдөн тез арада чыгып кетүү
- Кызматташтарды маалымдатуу керек
- Мүмкүнчүлүккө жараша электр энергияны өчүрүү
- Кооптуу аймактан чыккандан кийин өрт коопсуздугуна жоопкердуу адамдардын буйруктарын аткаруу

# Жыйынтыктоо!!!

**Өрт коопсуздугу эрежелерин сактоо башкаруучуга да, кызматкерлерге да чоң кыйынчылык деле тузбөйт. Инструктажды четте сактап койбой. Керектүү мамиле буруу, өрт өчүрүүчү жабдыктарын ар дайым текшерип, жаңылатып туруу, ошондой эле эвакуация планын туура түзүп, көрүнүктүү жерлерге илүү, өрт учурунда ишкананы материалдык чыгымдардан жана адам жоготууларынан сактайт.**

**Үйгө тапшырма:**

Өрттүн келип чыгуу себептерин жана
алдын алуунун жолдорун жазуу же
сүрөтүн тартуу.

# КӨҢҮЛ БУРГАНЫҢЫЗДАР ҮЧҮН РАХМАТ!

# САЛАМАТТА КАЛГЫЛА!